УДК: 81-13 (575.2) (043.3)

**АБДРАХМАНОВА А.К.**
*БМУ, Бишкек*
**ABDRAKHMANOVA A.K.**

# ЭКИ БАСКЫЧТУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ШАРТЫНДА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## Особенности профессионально-ориентированного обучения государственному языку в условиях двухуровневого образования

## Features of professionally-oriented teaching of the state language in the conditions of two-level education

**Аннотация.** Макалада, эки баскычтуу билим берүүнүн шартында Мамлекеттик тилди окутуунун өзгөчөлүктөрү, билим берүүнүн мазмунунун элементтерин жана башка методдорун колдонуу, окутуунун азыркы кездеги максаты жана анын жаны технологиядагы ыкмалары жөнүндө сөз жүрөт. Кыргызстандагы билим берүүнүн жаңы стандарттары, окутуунун заманбап технологиялары, салттуу баалуулуктар менен айкалышкан,билим берүнүн максаты – ар бир бүтүрүүчүгө улуттук жана жарандык, ошондой эле башка иденттүүлүктөрдү сактоо менен глобалдык дүйнөгө интеграциялануга, региондук жана өлкөнүн эмгек рынокторунда ийгиликти камсыз кылуучу компетенцияларга, анын ичинде санариптештирүүгөээ болуу талаптарын ишке ашырууга кандай аракеттер жасалаары туурасында кеп козголду.

**Урунттуу сөздөр**: Эки баскычтуу билим берүү,мамлекеттик тил,жаңы технологиялар, билим берүүнүн шарты, болон системасы,Ерасмус жана Сократес, Сократтык ыкма, AVN программасы.

**Abstract.** The article discusses the features of teaching the state language in a two-level education, the use of elements of the content of education and other methods, the modern purpose of teaching and its new technologies. We are talking about how efforts are being made to implement the requirements that each graduate be integrated into the global world in compliance with national and civil, as well as other identities, have competencies that ensure success in the regional labor markets and labor markets of the country, including digitalization, combined with new education standards in Kyrgyzstan, modern learning technologies, traditional values.

**Keywords:** two-level education, state language, new technologies, prerequisites of education, Bologna system, Erasmus and Socrates, Socratic approach, AVN program.

Эки баскычтуу билим берүүнүн шартында кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун өзгөчөлүктөрү деген маселени алдыма коюп, өлкөдө эки баскычтуу кесиптик билим берүүгө өткөндөн кийинки кырдаалдарда пайда болгон проблемалар боюнча диссертациялык ишимде изилдөө жүргүзүп келем. Илимий ишимде окутуунун илимийтеориялык сапатын жакшыртуу максатында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун мазмунун компетенцияларга негиздөөгө өзгөчө басым коюлган. Кыргыз тилин окутуу үч тарап боюнча жүргүзүлөт: кыргыз тилин эне тил катары, кыргыз тилин экинчи тил катары, кыргыз тилин чет тил катары окутуу кабыл алынган . Биздин институтта бул үчөө тен колдонулат. Себеби, бизде жергиликтүү улуттун балдары, алар эне тил катары

окушат, орус мектепти бүткөн, орусча ойлонгон, орус тилдүү студенттер, алар экинчи тил катары окушат. Ал эми бизге башка мамлекеттерден келип, окуп жатышкан студенттер, алар чет тил катары окушат. Кыргыз тилин эне тил катары окутуу менен экинчи тил катары окутуунун ортосунда айырмачылыктар чоң. Мына ушул маселе боюнча кыргыз тилин Мамлекеттик тил катары окутуу менен экинчи тил катары окутуунун ортосундагы жалпылыктар менен айырмачылыктар боло турганына маани берилбей, анын натыйжасында экинчи тил катары окутууга тиешелүү компетенциялардын негизги тилдик компетенциялардан болгон айырмачылыгы система катары түзүлгөн эместиги жөнүндө педагог Сыдыкбаева М.М.өзүнүн изилдөөлөрүндө кеп кылган.[4. 54 ] Диссертациялык ишимде аталган маселени, башкача айтканда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун өзгөчөлүктөрүн, окутуудагы эң маанилүү болгон билим берүүдөгү эффективдүү үйрөтүү ыкмаларын тандоо,жана аны ишке ашырыш үчүн колдонулган заманбап технологияларды пайдалануунун үстүндө эмгектенип келем.

Билим– философиялык көз караштa объективдүү чындыктын адамдын сезиминде чагылдырылышы барыбызга белгилүү нерсе. Ал эми педагогикада болсо, билимди биз эки мааниде түшүнөбүз:Биринчиден, билим –бул адам тарабынан кабыл алынуучу, түшүнүлүүчү жана анын оюнда сакталып калуучу маалымат. Ал эми экинчиден болсо, билим – улам жаңы маалыматты кабылдап, аны өздөштүрүү үчүн адам тарабынан пайдаланылуучу каражат.

Демек, билим түшүнүгү педагогикалык процессте эки жактуу (маалымат жана каражат) мааниде кабыл алынат. Окутуу кандай гана формада уюштурулбасын, студенттин жаңы материалды өздөштүрүшү үч этапта ишке ашырылат:

1-этапта студент үйрөнүлүүчү маалыматтарды сезимдүү кабыл алып эсине сактайт.
2-этапта жаңы кабыл алынган билимди көрсөтүлгөн үлгү боюнча же ал үлгүнүн башкача вариантында пайдалануунун ыкмаларын өздөштүрөт.
3-этапта өзүнүн мурунку этаптарда өздөштүргөн билимин, билгичтигин жаңы, өзүнө тааныш эмес кырдаалдарда, чыгармачылык менен пайдалана билүүгө даяр болот.

Ошентип, окуу материалын өздөштүрүү үч этаптан: материалды сезимдүү кабылдап эстеп калуу, аны көрсөтүлгөн үлгү боюнча жана тааныш эмес ар кандай жаңы кырдаалдарда пайдалануудан турат.Окутуунун азыркы кездеги максаты – материалды өздөштүрүүнүн ошол үчүнчү деңгээлине жетишүүнү камсыз кылууда, студенттердин алган билимдерин чыгармачылык менен пайдаланууга даярдоодо турат. Кыргыз Республикасында 2012-2013-окуу жылынан тартып айрым адистиктерди кошпогондо, "бакалавр" жана "магистр" академиялык даражаларын ыйгаруу менен эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүнүн түзүмү түзүлгөн. Буга байланыштуу өтүлүүчү сабактардын саны азайган. Жаңы талапка ылайык кыскартылган аз сааттын ичинде окутуучу кандай да болбосун, бүт мүмкүнчүлүктү пайдаланып, берилген, талап кылынган материалды берип бүтүшү керек. Кыска убакытта өтүлүүчү материалды жеткирүү, аны студенттердин өздөштүрүп кетүүсү үчүн бүгүнкү заманбап технологияларды, интернет булактарын маанилүү пайдалануу, эң негизгиси интерактивдүү ык-усулдарды колдонуу окутуунун, тил үйрөтүүнүн натыйжалуу булагы болуп саналат. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын максаты билим берүү системасын туруктуу өнүктүрүү үчүн ички жана тышкы ресурстарды натыйжалуу пайдалануу үчүн шарттарды түзүү жана сапаттуу билимге бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу болуп келет.Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында билим берүү системасы гармониялуу инсанды тарбиялоого, ар

бир адамдын дараметин ачууга, практикалык билимдерди жана компетенцияларды калыптандырууга багытталышы керектиги айтылган. Ар бир жаран сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк алат. Демек, билим берүүдөгү кирип жаткан жанылыктарга негизделип, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудабиздин изилдөө ишибизде авиация адистиктеринкесипке багыттап,Кыргызстандагы билим берүү 2040- жылдарга өнүктүрүү стандарттарына ылайыктап окутуунун жаны технологиялары менен билим берүүгө аракеттери жүргүзүлүүдө.

Кыргызстандагы билим берүү – 2040 – бул компетенттүүлүк стандарттары жана окутуунун заманбап технологиялары салттуу баалуулуктар менен айкалышкан – окутуунун жогорку кадыр-баркы жана билим берүүнү ийгиликтүү жашоо стратегиясынын жана карьерасынын ачкычы катары түшүнүү болуп саналат.Билим берүүнүн максаты – ар бир бүтүрүүчүгө улуттук жана жарандык, ошондой эле башка иденттүүлүктөрдү сактоо менен глобалдык дүйнөгө интеграцияланууга жана глобалдык, региондук жана өлкөнүн эмгек рынокторунда ийгиликти камсыз кылуучу компетенцияларга, анын ичинде санариптиктерге ээ болуусу.

Жогорудагы билим берүүнүн максаттарына ылайык окутуунун ыкмасы – студенттерге билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялоого жана өстүрүп өнүктүрүп чыгармачыл инсандыкка даярдоого багытталган окутуучу менен студенттердин арасындагы өз ара максаттуу биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасы. Демек, окутуу методу үч нерседен: окутуунун максатынан, окуучунун окуп үйрөнүү ыкмаларынан жана окутуучунун окутуу ыкмаларынан турат.

Окутуунун максаттары билим берүүнүн мазмуну менен аныкталат, ал эми билим берүүнүн мазмуну болсо төмөнкү төрт элементтен турат:

Билим берүүнүн мазмунунун элементтери.

1) аны ишке ашыруу окуучулар менен окуу көндүмдөрүнүн айрым топтомун өздөштүрүүгө мүмкүндүк берүү ,мында албетте, курактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аларды калыптандыруунун логикалык ырааттуулугу сакталууга тийиш;

2) аны аткаруунун натыйжасында алынган продукт кандайдыр бир коомдук пайда алып келген же жөнөкөй сөз менен айтканда, анын авторунан башка бирөөгө керек болгон;

3) Чыгармачылык ишмердүүлүктүн (эмгектенүүнүн) тажрыйбасы (чыгармачылык менен эмгектенүү атайын интеллектуалдуу иштерде кездешет, аны күн мурунтан алдын ала жөнгө салынуучу аракеттердин системасы катарында көрсөтүү мүмкүн эмес);

4) Айлана-чөйрөдөгү реалдуу чындыкка, анын ар кандай көрүнүштөрүнө жана сфераларына, башка адамдарга эмоциялуулук менен мамиле кылуунун тажрыйбасы.

Окутуунун максатын, демек, үйрөнүлүүчү мазмундун жогоруда көрсөтүлгөн элементтерин (түрлөрүн), ошондой эле аларды өздөштүрүүнүн ыкмаларын билүү менен биз окутуунун ар кандай методундагы окутучуунун да жана студенттин да эмгектенүүсүнүн спецификалык бөтөнчөлүгүн аныктай алабыз. Билим берүүнүн мазмунунун жогорку элементтеринин ар бири өз өзүнчө ыкма боюнча өздөштүрүлөт. Мисалы, Тил үйрөнүүдө угуп эске тутуу, көрүп эске тутуу негизги орунда турат. Айрым студенттер өзүнүн көргөн нерсесин эсинде жакшы сактаса, кээ бир студенттер укканын эсинде бекем сакташат. Мына ошентип, билимдер адам тарабынан ар түрдүү кабыл алуулар аркылуу өздөштүрүлөт. Эстеп калуусуз бир нерсени (айлана-чөйрөдөгү объектилердин арасындагы байланыштарды) түшүнүп билүү мүмкүн эмес. Демек, билим берүүнүн биринчи элементи – жаратылыш, коом, техника, адам жөнүндөгү жана эмгектенүүнүн буга чейин белгилүү болгон ыкмалары жөнүндөгү маалыматтарды бала даяр түрдө (окутуучунун түшүндүрүп баяндашынан, окуу

куралдардан жана китептерден) кабыл алышат. Тил үйрөтүүнүн эң акыркы, төртүнчү, элементинде биз – бүтүрүүчүнүн эмгектенүүгө, башка адамдарга жеке өзүнүн жеке оюн, адамдарга мамилесин билдире алуусу, сөздүк кору, кеп маданиятынын калыптанганын түшүнөбүз.

Дүйнөлүк билим берүү системасында, анын ичинен Кыргызстандын билим берүү стандарттарында жүргөн өзгөрүүлөр менин илимий изилдөө ишимдин предмети болгон Кыргыз тили сабагы дагы окутуунун кредиттик технологиясына негизделген жаңы программада окутулуп келет. Европанын жогорку окуу жайларында эки түрдөгү программа бар , алар : Ерасмус жана Сократес.

Эрасмус (англ. Erasmus) – ЕБге мүчө өлкөлөрдүн, ошондой эле Исландия, Лихтенштейн, Түндүк Македония, Норвегия, Түркиянын университеттеринин ортосунда студенттерди жана окутуучуларды алмашуу үчүн Европа Биримдигинин коммерциялык эмес программасы болуп саналат. Программада программага катышкан башка өлкөлөргө да окууга, стажировкадан өтүүгө же окутууга мүмкүнчүлүк берет. Окуу жана стажировка мөөнөтү ар бири 3 айдан 1 жылга чейин, жалпысынан 2 жылга чейин болушу мүмкүн. Биздин Кыргызстандын ЖОЖдоруда бул программаларга ылайыкташыштары керек. Башка мамлекеттер менен тажрыйба алмашуу, эмгек рыногунда дал келүү сыяктуу нерселер биздин студенттер, окутуучулар үчүн да керектүү жагдай болуп саналат.

Жаңы стандартта, жаңы программаларга ылайык билим берүүдө окутуучунун астында кантип окутуу керек? деген собол келет. Жогоруда кеп кылып өткөндөй, көп саат менен окутуп келинген программа кыска убакта ишке ашыш керек.Ушул жерден окутуучу алгач «метод» түшүнүгүн жакшылап түшүнүү зарылдыгы келип чыгат. Андан соң, окутуучу методиканын өзүнө ыңгайлуу, студентке түшүнүктүү, жеңил, жөнөкөй түрүн туура тандоосу маанилүү.Тилди экинчи тил катары окутууда негизинен үч метод белгиленип жүрөт:

1)котормо (салыштыруу) методу

2) табигый (ортомчу тилсиз) методу

3) аралаш методу

Методисттер З.Сарылбекова менен Ж.Чымановдор тил үйрөтүүдө өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбаларына таянуу менен окутуунун эң негизги методдору катары төмөнкүлөрдү көрсөтүшкөн:

1. Грамматикалык которуу методу;
2. Табигый метод;
3. Түздөн-түз которуу методу;
4. Берлиц методу;
5. Угуп түшүндүрүү тилдик метод;
6. Тилдик эрежелерге таянган үйрөтүү методу;
7. Аудио-визуалдык метод;
8. Коммуникативдик метод.

Сократтык усулдар менен грек ойчулу Сократ суроо артынан суроо менен студенттерге үйрөткөн. Сократ, андан кийин суроо артынан суроо менен , аларды туура жолго салуу үчүн, студенттердин ой-пикирлерин бири- бирине карама-каршы экенин көрсөтүүгө умтулган. Сократтык ыкманын негизги принциби студенттер колдонуу аркылуу үйрөнүү деген сынчыл ой жүгүртүүсүн , ой жана логикасын өстүрүүгө багытталган.

Дүйнө жүзүндө глобализация жана маалымат технологиянын өнүгүшү өндүрүштү гана түп тамырынан өзгөртпөстөн, билим берүү тармагында да өтө кескин өзгөрүүлөрдү

жаратууда.Мындай учурда келечектеги кесипкөй адисттерди даярдоодо аларды компьютердик программаларда иштей билүүгө, интернет аркылуу керектүү билимдерди алууга үйрөтүүгө басым жасоо аркылуу тилдик билимдерин өркүндөтүүгө жетиштирүү зарыл нерсе.Ушул жерден биздин бүтүрүүчүлөр жогоруда кеп кылгандай кыргыз тил сабагында интернет аркылуу керектүү билимин алууга жетиштирүү,биздин мамлекеттик тил болгон кыргыз тилинде компьютердик программалардын бардык түрлөрүн колдоно ала турган денгээлге жетиштирүү максатка ылайык деп саналат. Компьютердик негизде тил үйрөтүү дидактикалык даярдыкты талап кылат. Дидактика бул үйрөтүү жана тарбиялоо . Дидактикада билим берүү деп окутуучу менен студенттин өз ара аракеттенүүсү, окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүгү түшүнүлөт. Бул эки тараптуу процесс. Билим берүү – натыйжаны жана процессти, окутуу системасын жана өзүн-өзү тарбиялоону камтыган кененирээк түшүнүк. Ошол эле учурда система катары «билим берүү» жана процесс катары «билим берүү» түшүнүктөрүн, тиешелүүлүгүнө жараша «билим берүү системасы» жана «тарбиялоо процесси» түшүнүктөрүн айырмалоо пайдалуу. Биринчилери иштеп чыгуу, түзүү, илимий-техникалык долбоорлоо тартиби менен байланышкан. Экинчиси - окутуунун жана тарбиялоонун реалдуу практикасында иштелип чыккан системалардын колдонулушу. Ошондуктан, биз окуу процесси жөнүндө сөз кылганда, бул процессте окутуучу менен студенттердин катышуусун ойлойбуз. Биз видеокассеталар боюнча курстар, телерадио курстар менен иштөөдө, компьютердик программалар, компакт-дисктердеги программалар менен иштөөдө өз алдынча билим алуунун, өз алдынча окуунун системаларынан жана программаларынан принципиалдуу айырмачылык, концептуалдык айырмачылык мына ушунда. Бул программаларда, курстарда колдонуучу өз күчүнө, программаны өз кабылдоосуна жана түшүнүүсүнө гана таяна алат. Жада калса компьютердик программаларда, CD-ROM мультимедиялык программаларында, өзүнүн табияты боюнча интерактивдүү, бул интерактивдүүлүк чөйрөнүн өзүндө, анын технологиясында жатат, бирок окуу процессинде эмес (Е.С. Полатөзүнүн изилдөөлөрүндө кеп кылган.) Мисалы: авиация тармагында 2015- жылдан бүгүнкү күнгө чейин AVN программасын өнүктүрүп жана үйрөнүп келебиз. AVN программа бул билим берүү системасына караштуу система. Системада жалпы окуу жайга тиешелүү анын ичинде биздин изилдөө ишибиздин предмети болгон кыргыз тил сабагы дагы AVN программасына негизделип окулат.

Жыйынтыктап айтканда, биз окутуу ыкмасын мүнөздөөчү негизги үч компоненттин биринчисин (окутуунун максатын) толук карап өттүк. Окутуунун кандай методунан пайдалануу керек экендиги анын максатына ылайык аныкталат. Сабакта окутуучунун окутуунун кандай максатын ишке ашыргысы келсе, ал өзүнүн бүткүл күч аракетин студенттердин да дал ошол максатка жетишкендей багытта эмгектенүүлөрүн камсыз кылууга жумшайт. Демек, ЖОЖдун бүтүрүүчүсү сөзсүз кырыгыз тилин жогорку деңгээлде билиши жана өзүнүн кесибин мыкты аткараган инсандардан болуусу абзел.

Натыйжада, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуп, үйрөтүүдө студенттер ишмердүүлүктүн ыкмаларын окутуучунун көрсөткөн үлгүсү боюнча гана өздөштүрбөстөн, өз алдыларынча да андан ары өркүндөтүп кете алышат. Ар бир тил сөзсүз өзгөрүп,өнүгүү менен тирүүлүк касиетке ээ. Азыркы кыргыз тилин сактап калуу маселеси аны колдонуучулардын кеңири чөйрөсүн түзуп жана адамдардын тилди өздөштүрүү дэңээлин текшерип ,тактоо аркылуу гана чечилиши мүмкүн. Тил ооздо, кепте жашаш керек. Тилди сактоонун дагы бир ыкмасы азыркы учурда компьютер аркылуу да жүзөгө ашырылат. Чет өлкөдө эл аралык конференцияларда жасалган биздин докладдар жана талкуулоолор ,жарыкка чыккан илимий иштерибиз, сунуш кылынган методиканын жаңылыгын далилдей

алып келебиз.Биздин максатыбыз дүйнөдө биринчилерден болуп,башка тилдер үчүн жана тилдерди изилдөө эталон катары кыргыз тилин компьютерде көз карандысыз түрдө көрсөтүүгө жетишүү,бул маселеге тийиштүү электрондук окуткучтарды жана расмий экзамендин негизин түзүү боюнча өздөрүнүн илимий монографиясында талкуулашкандыктары күбө боло алат. (Панков, П, Баячороева Б , Жураев М.) [4.33.]

**Колдонулган адабияттар:**


1. Муканбетова, А.С.Кыргыз тилин инновациялап окутууда формативдик баалоонун ролу, Кыргыз тил жана адабияты, № 21, 2012,-310 б
2. Сарылбекова, З., Чыманов,Ж. Кыргыз тилин ( мамлекеттик тили) окутуунун методикасы, / Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери жана орто мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн типтүү программа.Бишеке , 2013, - 59 б.
3. Сыдыкбаева М.М.Кыргыз тилимн ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун лингводидактикалык негиздери, Монография. Б.; 2016.
4. Панков, П, Баячороева Б , Жураев М. Кыргыз тилин компьютерде чагылдыруу Бишкек .; Турар, 2010, -173 б.
5. Полат, Е.С. "Дистанционное обучение"// "Педагогические и ин-формационные технологии в образовании" http:// scholar.urc.ac.ru/ ped_journal/numero4/pedag/polat.html